**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д.12.15. 511 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

*Кол жазма укугунда*
***УДК 342. 1 (575.2) (043.3)***

**Соттимкулов Муротали Акилбекович**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАРАНДЫКТЫ УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ: ТАРЫХЫЙ - УКУКТУК ТАЛДОО

12.00.01- мамлекет жана укуктун теориясы жана тарыхы;
мамлекет жана укук жөнүндө окуунун тарыхы

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2015**

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

**Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий – укуктук изилдөө институтунун укук бөлүмүндө аткарылды.**

**Илимий жетекчи:** юридика илимдеринин доктору, профессор
**Шерипов Нурлан Турганбекович**

**Расмий оппоненттер:** юридика илимдеринин доктору
**Борубашов Бекбосун Ишенбекович**

юридика илимдеринин кандидаты, доцент
**Шадыбеков Кубанычбек Баймуратович**

**Жетектөөчү уюм:** Ош мамлекеттик юридикалык институту,
Мамлекеттик укук теориясы жана тарыхы
кафедрасы, дареги: 723506, Ош шаары,
Салиева көчөсү, 40 в.

Диссертация2015-жылдын 23-майындасаат 14.00дө Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргызстан эл аралык университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.12.15.511 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек шаары, Киев көчөсү, 132, Ж. Баласагын атындагы КУУнун №2-имараты, 209-дарскана.

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот: 720024, Дареги: Бишкек шаары, Жибек-Жолу көчөсү 394, №8 имарат.

Автореферат 2015 –жылдын «____» апрелинде таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин кандидаты** **Насбекова С.А.**

ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасында мамлекеттүүлүктү кайра түзүү этабында мамлекет менен инсандын ортосунда өз ара мамилелеринин көйгөйлөрү улам барган сайын зор мааниге ээ болуп бара жатат, алардын катарына жарандык маселеси да кирет.

Мамлекет менен жарандын өз ара байланышы мамлекет уюшулган бардык коомго таандык. Ал жарандык институттун изилдөөлөрүндө бир кыйла илимий кызыкчылыктарды туудурууда жана Кыргыз Республикасы гана эмес, XX кылымдын 90-жылдарынын башында, Советтер Союзу тараган мезгилде түзүлгөн башка мамлекеттер үчүн да практикалык мааниге ээ.

Советтер Союзунун кулашы менен мурдагы советтик жарандардын көпчүлүгү мамлекет менен болгон укуктук байланыш көйгөйүнө кабылып калды. Ал тууралуу жарандык маселесин укуктук жөнгө салууда ишке ашырылган өзгөрүүлөр, тактап айтканда, - кош жарандык институтун мыйзам аркылуу жөнгө салуу сыяктуу маселелер тастыктап турат.

Жарандык көйгөйлөрүн изилдөөнүн зарылдыгы жарандык адам баласынын эң зарыл укуктарынын бири, мамлекет ичинде да, анын чегинен сырткары да жактарда инсандын укуктук абалынын негизи болгондугунда жатат. Жарандык аркылуу гана мейкиндикте жана мезгилде адам менен мамлекеттин ортосунда биргелешкен укуктар менен милдеттерден келип чыккан бардык жеңилдиктерди колдонууга укук берген бекем жана туруктуу укуктук байланыш пайда болот. Мамлекет адамдын укуктук абалында тактыкты жана аныктыкты жаратат. Жарандык абалы адам баласы үчүн башка көйгөйлөрдөн кем эмес зарыл кубулуш болуп саналат. Андан сырткары, адамдын тагдыры толугу менен анын жарандык абалынан көз каранды болушу да мүмкүн.

Дал ушул жарандык менен адам баласы үчүн олуттуу юридикалык натыйжалар байланышкан: анын укугунун, эркиндигинин, милдеттеринин, алардын мамлекеттик кепилдиктеринин жана коргонуусунун ишенимдүүлүгүнүн көлөмү.

Ушул жана башка жагдайлар диссертациянын темасын жана анда иликтенген маселелердин чөйрөсүн аныктады.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иштин темасы өз ичине 2010-жылга чейинки Кыргыз Республикасынын мамлекеттик миграция саясаты жөнүндөгү концепциясынын, 2006-2008-жылдары тарыхый мекенине кайтып келген этникалык кыргыздарга колдоо көрсөтүү боюнча «Кайрылман» мамлекеттик программасынын, 2007-2013-жылдары миграциялык иштерди жөнгө салуу боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик программасынын айрым бөлүмдөрү, 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы камтыйт.

**Диссертациянын максаты.**Аталган изилдөөнүн максаты Кыргыз Республикасынын жарандуулуктун пайда болуусунун жана өнүгүүсүнүн тарыхый укуктук этаптарын комплекстүү изилдөө жолдору менен, Кыргыз Республикасында жарандык институттун юридикалык табиятын изилдөөжана аны укуктук жөнгө салуу маселесин талдоо, өздөштүрүү менен андан ары өнүктүрүү боюнча конкреттүү сунуштарды ушул негизде иштеп чыгуу.

Максат төмөнкү**милдеттерде** конкреттештирилет:

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

1. Кыргызстанда жарандык институттун пайда болушу жана өнүгүшүнүн тарыхый өбөлгөлөрүн ачып көрсөтүү;
2. Жарандык институт түшүнүгү, маңызы жана мазмунун изилдөө;
3. Жарандык институттун негизги принциптерин анализдөө;
4. Кыргыз Республикасынын жарандыгына ээ болуу, аны калыбына келтирүү жана токтотуунун негиздери менен тартиптерин изилдөө;
5. Кыргыз Республикасында жарандыкты жоготуунун укуктук негиздери талдоо жана изилдөө;
6. Кыргыз Республикасындагы жарандык иштерди башкаруу мекемелеринин укуктук статусун изилдөө;
7. Кыргыз Республикасындагы жарандык жөнүндөгү Мыйзамын жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы.**Диссертация жаңы коомдук шарттагы Кыргыз Республикасынын жарандык институтун комплекстүү изилдөөнү өз ичине камтыйт. Бул эмгекте жарандык түшүнүгүнө ырааттуу анализ жүргүзүлдү, анын философиялык-укуктук маңызы аныкталды, Кыргызстанда жарандык институттун пайда болушу жана өнүгүшүнүн тарыхый өбөлгөлөрү ачылды, жарандык жөнүндөгү учурдагы мыйзамга баа берүүнү өз алдынча системасын иштеп чыгууга жана аны жаңылоонун негизги багыттарын аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлдү. Жарандык жөнүндөгү учурдагы Мыйзамды жакшыртуу боюнча автордук сунуш негизги манилүү жаңылык катары өзгөчөлөнөт.

Изилдөөнүн **практикалык мааниси** Диссертант тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр жарандыктын теориялык негиздерин иштеп чыгууда белгилүү салым кошот жана мыйзамдуулуктун колдонулушунда кеңири мааниге ээ боло алат. Бул диссертациялык иште жарандык институттун өнүгүшүнүн учурдагы дүйнөлүк тенденциялары изилденет, КМШ өлкөлөрүндөгү укукту жөнгө салуу практикасы, Кыргызстандагы жарандык институттун пайда болушу жана өнүгүшү, ошондой эле жарандык тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын учурдагы абалы анализденет, талданат. Жарандык маселе тарыхый-укуктук гана мааниге ээ болбостон, практикалык аспектиде да каралат. Диссертациялык иштин мазмунунда камтылган сунуштар, ырастамалар, ой корутундуларды практикалык жактан кеңири колдонууга болот: маселен, жарандык тууралуу мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, Кыргыз Республикасында жарандык боюнча келечекте иштелүүчү теориялык маселелерде, окуу программасындагы «Конституциялык укук», «Эл аралык укук» курстарын окууда материал катары колдонууда, ошондой эле жарандык маселе боюнча алектенген мамлекеттик уюмдардын практикалык ишмердүүлүктөрүндө колдонууга болот.

**Коргоого коюла турган негизги жоболор:**

1. Кыргызстандагы жарандык институттун өнүгүш тарыхын доорлорго бөлүштүрүүдө эки мезгил сунушталат:

**1. Советтик мезгил:**

1-этап – 1917-1924-жж.:советтик бийликтин түзүлүшү, СССРдин уюшулушу;

2-этап – 1924-1936-жж.: РСФСРдын курамында Кыргыз автономдуу облусунун жана Кыргыз АССРинин түзүлүшү;

3-этап – 1936-1990-жж.: СССРдин курамында Кыргыз союздук республикасынын уюшулушу жана өнүгүшү;

4-этап – 1990-1993-жж.: кайра куруу мезгили жана Кыргызстанда биринчи жолу жарандык тууралуу Мыйзамдын кабыл алынышын камтыйт.

**2. Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгили:**

1-этап – 1993-2007-жж.: укуктук мамлекеттин калыбына келүү жолундагы өткөөл мезгил;

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

2-этап – 2007-жылдан баштап азыркы учурга чейин.

2. Укук илимдериндеги чындыкка негизделип, жарандыктын аныктамасы – булмамлекет менен жалпы, үзгүлтүксүз жана туруктуу байланыш түзүүнүн натыйжасында мыйзамда көрсөтүлгөн бардык укуктардан жана эркиндиктерден пайдаланууга мүмкүнчүлүк ала алган, ошондой эле атайын жоопкерчиликке да ээ болгон адамдын укуктук байланышы сыңары берилет.

3. Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуу жана токтотуу жөнүндөгү өтүнүчтү болжолдуу кароо, өлкөнүн аймагынан саясий баш калка берүү жөнүндө, Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамынын иштөө механизмдерин жакшыртуу боюнча сунушту даярдоо, жарандык маселелер боюнча маалымат системаларын жакшыртуу, Кыргыз Республикасынын Президентине жылдык докладдарды, жыйынтык каттарды жана башка маалыматтарды жеткирүү иш милдеттери тапшырылган Кыргыз Республикасынын Президенттик Аппаратынын түзүмүндө жарандык суроолор боюнча ошол тармакта бирдей мамлекеттик саясатты камсыз кылган бөлүм түзүү сунушталат.

4. «Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын учурдагы 2007 жылкы Мыйзамынын жоболорун Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен дал келтирүү зарыл. Ушул максатта Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамына төмөнкүдөй жоболорду киргизүү сунушталат:

- эне менен баланын укуктарын коргоо максатында төмөнкү жобону бекитүү: «Келишим түзүлгөн мамлекеттердин аймагында никелешүүдөн төрөлгөн бала, энеси бул мамлекеттин жараны болсо, төрөлгөндөн кийин ушул жарандыкты ала алат, эгерде ал мурда башка жарандыкка ээ болбосо»;

- «Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү» Мыйзамынын 10-беренесин төмөнкүдөй таризде баяндоого болот: «Кыргыз Республикасынын жараны республиканын аймагынан кууп чыгарылбайт же башка өлкөгө берилбейт»;

- Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамына – Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккан учурда башка керектүү документтер менен бирге чет өлкөнүн ыйгарым укуктуу органдарына башка жарандыкка өтүүдө арызданууучунун же башка жарандыкты берүү мүмкүнчүлүгүн ырастоо жөнүндөгү документти көрсөтүү тууралуу жобону киргизүү.

5.«Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү» Мыйзамында Кыргыз Республикасынын жарандык иштерин тейлеген ыйгарым укуктуу уюмдардын жана кызмат адамдарынын иш милдеттерин карап чыгуу, документтерди каттоо жана жарандык маселелер тууралуу чечимдерди кабыл алууда укуктарын чектөө максатында жарандык маселелерди чечүүнүн анык процедураларын бекитүү сунушталат. «Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын айрым беренелеринин ортосундагы карама-каршылыктар, аларды Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана адам укуктары боюнча кабыл алынган иш кагаздар менен дал келтирүүнү талап кылат.

6. Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнө каршы кылмыштуу иш-аракеттерди жасаган жана мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч келтирип башка мамлекетте качып жүргөн жарандардын жарандыктарынан ажыратуу же токтотуу тууралуу ченемдер сунушталат;

7. Кыргыз Республикасынын ИИМинин МБ жана МККнын МБнун даректүү – сурап-билүү бюросунун маалымат базаларын камтыган Кыргыз Республикасынын аймагындагы жарандык иштер боюнча ИИМ, ТИМ жана КРӨгө караштуу МККда бирдиктүү маалыматтык базалык комиссия түзүү сунушталат.

8. Кыргызстандагы жарандык маселелерди жакшыртуу жана андан-ары өнүктүрүү, негизги максаты жарансыздыкты кыскартуу, кош жарандуулук боюнча

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

мамлекеттик саясатты аныктоо жана этникалык кыргыздардын көйгөйлөрүн чечүү боюнча Концепция иштеп чыгуу сунушталат.

**Изденүүчүнүн өздүк салымы**, диссертациялык изилдөөдөгү илимий жыйынтыктарды автор өзү тапкандыгында жатат. Коргоого алынып чыккан жоболорду диссертант жеке иштеп чыккан.

**Изилдөөнүн натыйжаларын сынап көрүү.** Диссертациянын жумушчу гипотезалары, негизги жоболору Ж.Баласагын атындагы КУУнун Юридикалык институтунун “Мамлекет жана укуктун теориясынын тарыхы” кафедрасынын семинарлары менен жыйналыштарында талкууланган, ошондой эле диссертант жарыялаган макалаларда чагылдырылган.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Иштин мазмунуна байланыштуу 7 илимий макала жарык көргөн.

**Диссертациялык изилдөөнүн структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык изилдөө киришүүдөн, үч главадан, тыянактардан, пайдаланылган булактардын тизмесинен турат.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**«Кыргыз Республикасында жарандыктын пайда болуусунун жана өнүгүүсүнүн негизги баскычтары»деп аталган биринчи главаүч бөлүктөн турат.**

**Биринчи бөлүктө «1917-1938-жж. аралыгында жарандык жөнүндө Мыйзамдардын тарыхый шарттары »** каралган.

Кыргызстанда жарандык Мыйзамдын пайда болуусу жана анын орду Октябрь Революциясы менен тыгыз байланышта. Тагыраак айтканда, 1917-жылдын 7-ноябрынан баштап жумушчулардын жана жоокердик депутаттардын Петроград Кеңешинин алдында кабыл алынган Аскердик-революциялык Комитеттин Кайрылуусунда алгачкылардан болуп Россия Империясынын мурдагы букаралары (подданыйлары) жарандар деп аталган.

ББАКтын (ВЦИК) 1917-жылдын 23 (10) - ноябрында кабыл алынган «жарандык чиндерди жана катмарларды жок кылуу тууралуу» Декретинде императордук Россияда жашап жаткан жарандардын бардык катмарлары жана катмарлык бөлүнүүлөрү, катмарлык жеңилдиктер жана чектөөлөр, катмарлык уюмдар жана мекемелер, ошону менен бирге бардык жарандык чиндер жоюлгандыгы, бардык наамдар жана жарандык чиндердин аталыштары жок кылынып, «Россиянын бардык калкы үчүн бир эле жалпы аталыш – Россия Республикасынын жараны» - кабыл алынгандыгы көрсөтүлгөн.

Жарандыкты таанууну регламенттештирүүчү ченемдер РСФСРдин жана башка союздук республикалардын укуктук жактан биринчи актыларында эле бекитилген. 1918-жылдын 10-сентябрында ИИБЭК(НКВД) кабыл алган "Россия республикасынын аймагында жашап турган адамдардын россиялык жарандыгынан чыгуу тартиби жана Украинанын аймагында жашап жаткан россиялык жарандардын украиналык букаралык **(подданствого)** кирүү, россиялык жарандарды каттоо жөнүндөгү" убактылуу эрежелерге ылайык Россия империясынын мурдагы букаралары (**подданыйлары)** ошол эрежелерде аныкталган тартипте россиялык жарандыкта тургандар деп таанылган [СУ РСФСР, 1918, №68, 736-б.].

Таануунун негизине жактын Советтер Союзунун аймагында болушу киргизилген. СССРдин аймагында жашаган ар бир жак СССРдин жараны болуп таанылган, себеби ал чет элдик жаран экендиги далилденген эмес. Жарандыкты ал тууралуу сунуштоо жолу менен алуу тартибин мыйзам түрүндө бекиткен эң алгачкы акт болуп 1918-жылдын 1-апрелиндеги ВЦИКтин "Россия жарандыгынын укугун алуу жөнүндөгү" Декрети жана РСФСРдин ЭККнын (СНК) 1921-жылдын 22-августундагы "чет элдиктерди россиялык мамлекетке кабыл алуу жөнүндөгү" [СЗ СССР, 1924, "23, 202-б.]Декрети саналат.

Бул ченемдик актылардын мыйзам чыгаруу базасы болуп РСФСРдин 1918-жылдагы Конституциясынын 20-беренеси эсептелинет.

ВЦИКтин Декретине ылайык Россия жарандыгын алуу укугуна РСФСРдин аймагында жашап турган ар бир чет элдик ээ болгон. Маселе жергиликтүү кеңеш тарабынан чечилген. Өзгөчө учурларда РСФСРдин аймагынан сырткары жашап турган чет элдиктер да жарандыкка кабыл алынган.

РСФСР ЭКСсынын (СНК) 1921-жылы кабыл алынган Декрети РСФСРдин аймагында жашап туруп, эмгек массасына таандык болбогон чет элдиктерди жарандыкка кабыл алуу тартибин өзгөрткөн. Алар губерниялык комитеттер тарабынан гана жарандыкка кабыл алынган. Чет өлкөдө жашап турган чет өлкөлүктөр республиканын мамлекеттик бийлигинин жогорку органы – ВЦИК тарабынан гана жарандыкка кабыл алынган. Жарандыкка кабыл алуудан баш тартуу даттанууга жатпаган.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Чет элдиктерди – ССР Союзунун аймагында эмгектенүү үчүн жашаган жумушчулар менен дыйкандар, ошондой эле баш калкалоо укугуна ээ болгондорду – жарандыкка кабыл алуунун жөнөкөйлөтүлгөн тартиби СССРдин жарандык жөнүндөгү 1930, 1931-жылдары кабыл алынган Жоболорунда каралган. Мындай тартип никеге туруугa байланыштуу жарандыкты алмаштырган учурда да колдонулган.

Бул параграф боюнча жыйынтыктап айта турган болсок:

1. 1924-1938 жылдары жарандык боюнча союздук жобосу СССРдин мамлекеттик укук институтунда биринчи болуп жарандык жөнүндө негиздүү акты болуп эсептелген;

2. Жарандык менен иштөө жана жарандыкты кабыл алуу, чыгаруу, токтотуу маселелерин уюштуруучу орган түзүлгөн. Тактап айтканда ССР Союзунун Борбордук Аткаруу Комитетине же өзү жашап турган аймагындагы союздук республиканын Борбордук Аткаруу комитетине кайрыла алышкан.

**Экинчи бөлүктө«Кыргыз ССРинин жарандык жөнүндөМыйзамдарынын өнүгүүсү (1938 -1991ж.ж.)»** каралат.Кыргызстанда жарандык мыйзамынын өнөгүүсүнүн дагы бир этабы 1938-жылы кабыл алынган СССР жарандык жөнүндөгү Мыйзамынын кабыл алынуусу менен байланыштуу.

Бул мыйзамда советтик жарандыкка кабыл алуунун жөнөкөй тартиби жоюлуп кеткен. СССРдин мурдагы жараны реабилитацияланган учурда да СССРдин жарандыгына кабыл алынуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон эмес. Демек, СССРдин мурдагы жараны чет элдиктердин укугу менен бирдей дал келген процессуалдык процедураларды сактоо менен өз жарандыгына ээ боло алган. 1938-жылы атайын Токтомдор, Декреттер, мамлекеттик органдардын башка ченемдик актылары менен адамдар жарандыктан ажыратылган. Аларды саясый же башка негиздерде сталиндик партиялык мамлекеттик жетекчиликке жакпаган адамдар деп атасак болот.

1967-жылы СССРдин Жогорку Кеңешинин Президиуму "СССРден Израилге чыгып кеткен жактарды жарандыктан чыгуусу жөнүндө" Көрсөтмөсүн кабыл алган. Алар СССРден кеткен маалдан баштап мамлекетти таштап кеткендер катары саналышкан. БулКөрсөтмө басылмаларда жарыяланган эмес, андыктан ага таянууга мүмкүн болбогон: 24 жылдан кийин гана СССРдин конституциялык көзөмөл Комитетинин бүтүмүнүн негизинде гана булл Көрсөтмө расмий түрдө жарыяланган.

Союз мезгилинде жарандык жөнүндөМыйзам боюнча маанилүү өтө олуттуу маселелердин бири 1978-жылы кабыл алынган СССРдин жарандык жөнүндөгү Мыйзамында каралган. Мында 1978-жылы кабыл алынган жарандык жөнүндөгү Мыйзамга чейинки мыйзамдар жарандыктан ажыратуу боюнча негиздерди камтыган эмес, анын натыйжасында компетенттүү органдар бул маселени каалагандай чечишкен. Мындай негизди биринчи жолу 1978-жылы кабыл алынган СССРдин жарандык жөнүндөгү Мыйзамы аныктаган. Аларга "СССРдин жараны наамын булгаган, СССРдин кадырына же мамлекеттик коопсуздугуна зыян келтиргендер" [Ведомости Верховного Совета СССР. 1978, №49, 816-6.] деген ченем киргизилген. Тактап айтканда СССРдин жарандык жөнүндөгү Мыйзамынын 18-беренесине ылайык СССРдин жарандыгынан ажыратуу СССР Советинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун чечими менен өзгөчө учурларда гана колдонулган.

Ал эми СССРдин Жогоку Кеңешинин 1979-жылдын 15-июнунда кабыл алган көрсөтмөсүнүн 5-беренесине ылайык СССРдин жарандыгынан ажыратылган адам СССРдин аймагынан кубаланып чыгарылган.

Көрсөтмөнүн түзүлүшү СССРдин жарандык жөнүндөгү Мыйзамынын 18-беренесине ылайык жазылган, т.а., анын биринчи бөлүгү жактын ишмердигинин мүнөзүн камтыса, экинчи бөлүгүндөага карата колдонулган санкция берилген.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

СССРдин 1990-жылы кабыл алынган жарандык жөнүндөгү Мыйзамы жарандыктан ажыратуу жөнүндөгү дискриминациялык кырдаалды сактап калган. Ал да жарандыктан ажыратуу чет мамлекетте жашап турган адамдарга карата колдонулат деген термин менен чектелип, "СССРдин бийик наамын булгагандыгы үчүн" деген сапты жокко чыгарган. Мыйзамдын 23-беренесинде: "СССРдин жарандыгынан ажыратуу чет мамлекетте жашап туруп, мамлекеттин кызыкчылыгына же СССРдин мамлекеттик коопсуздугуна залал келтирген ишмердикти аткаргандарга колдонулат" [Закон о гражданстве СССР от 23 мая 1990 года Ведомости Съезда народных депутатов СССР и Верховного Совета СССР. -1990, №23, 435-б.] деп белгиленген. Булмыйзам жарандыктан ким ажырата ала тургандыгын белгилей турган толуктоо киргизген. 1990-жылы гана ССРдин президенти М.С.Горбачев "СССРдин чегинен сырткары жашап турган жактарды жарандыктан ажыратуу тууралуу СССР дин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1966-1988-жылдарда кабыл алынган Көрсөтмөсүн жок кылуу" Ведомости Съезда народных депутатов СССР и [Верховного Совета СССР. 1990, №34 652-б] тууралуу Көрсөтмөнү кабыл алган. БулКөрсөтмөнүн 2-беренесине ылайык мындай жактар мыйзамсыз ажыратылган советтик жарандыкка калыбына келтирилип, СССРдин ТИМи алардын каалоосу менен СССРдин күбөлөндүрүүчү документтерин(паспортун) берүү каралган.

Жарандык мыйзамда СССРдин жарандык жөнүндөгү 1978, 1990-жылдары кабыл алган Мыйзамдары советтик жарандыкты алуунун төмөнкү негиздерин алып чыккан:

1. Төрөлүшү боюнча;
2. Советтик жарандыкка кабыл алынышы боюнча;
3. СССРдин эл аралык келишимдеринде каралган негиздер боюнча;
4. Мыйзам тарабынан каралган дагы башка негиздер боюнча.

Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндөгү Мыйзамында жарандыкты кабыл алуу негизи 11-беренеде камтылган жана ага ылайык кыргыз жарандыгы төмөнкү учурларда кабыл алынат:

1. Төрөлгөндө;
2. Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуунун натыйжасында;
3. Жарандыгын кайтарып берүүнүн натыйжасында;
4. Белгиленген мыйзам тартибинде эл аралык келишимдерде каралган тартипте же негиз боюнча.

Азыркы учурда жарандык жөнүндөгү мурдагы союздук республикаларда кабыл алынган мыйзамдардын бардыгы жактын жарандыкка кабыл алуу шарттарын камтып турат. Мисалы, эң узак (10 жыл) “отурукташуу цензи” Казакстандын, Грузиянын, Молдаванын жарандык жөнүндөгү Мыйзамында камтылган. Беларусь менен Түркмөн Республикаларынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамдарында – 7 жылды, Россия Федерациясынын, Украинанын, Өзбекстандын жана Кыргызстандын жарандык жөнүндөгү Мыйзамдарында 5 жылды камтып турат. Мурдагы союздук республикалардын жарандык жөнүндөгү Мыйзамдарында жарандыкка кабыл алуу үчүн туруктуу жашоонун мынчалык узак мөөнөтүн демократиялык деп эсептөөдөн алыспыз.

Республиканын аймагында жашоо мөөнөтүн эсептөө тартиби Казакстан менен Түркмөнстандын жарандык жөнүндөгү Мыйзамында өтө так жазылган.

Россия Федерациясы менен Казакстандын жарандык жөнүндөгү Мыйзамдары жарандыкка кабыл алуу үчүн зарыл болгон бир гана шартты – “отурукташуу цензин” камтыса, КМШнын башка өлкөлөрүнүн мыйзамдарында камтылган шарттардын тизмеги кененирээк. Мисалы, Украина, Молдова жана Өзбекстандын жарандык жөнүндөгү Мыйзамдарында чет элдик жарандыктан баш тартуу каралган, ал эми Беларуста, Украинада, Молдовада, Грузияда жана Түркменияда мамлекеттик тилди билүү талабы коюлган. Украинанын, Беларустун, Молдованын, Грузиянын жана

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Өзбекстандын жарандык жөнүндөгү мыйзамына ылайык жашашы үчүн мыйзамдуу булагы болушу, өлкөнүн Конституциясы менен мыйзамдарын таануу жана аларды аткаруу талап кылынат.

Жарандык жөнүндөгү Мыйзамды өркүндөттүүдө илим, техника жана маданият жаатында жетишкен ийгиликтери, мамлекет үчүн кызыкчылык туудурган кесипке жана квалификацияга ээ болгон жактарды жарандыкка жеңилдетилген формада алуу шартын жокко чыгаруу зарылдыгын талап кылынат, себеби мындай негиздин болушу Кыргыз Республикасын башка мамлекеттердин адистерин тартып алуучу мамлекеттер менен бир деңгээлге алып чыгат жана алардын иш аракетинен өлкө бир топ зыянга кабылган.

**Үчүнчү бөлүктөКыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү мыйзамынын эгемендүү мезгилдеги өнүгүүсү (1993-жылдан азыркы учурга чейин)**. Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү мыйзамдуулуктун өнүгүшүүнүн тарыхы Советтер Союзунун түптөлүшү менен тыгыз байланышта. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү мыйзамдуулуктун өнүгүшүн СССРдин биринчи жарандык жөнүндөгү ченемдик актысынын кабыл алынышы менен карап чыгууга болот. 1991-жылы Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып башка жаш мамлекеттер сыяктуу эле жарандыкты аныктоо маселери пайда боло баштаган. Бул биринчиден мамлекетин аймагында туруктуу жашаган жактардын жарандыгын аныктоо менен, кандайдыр бир учурларда (мисалы, дарыланууга, окууга же сапарда жүргөндүгүн эске алуу), кабыл алына баштаган.

СССРдин Жогорку Кеңеши тарабынан Кыргыз Републикасынын эгемендүүлүгү жөнүндө Декларация кабыл алынуусу менен жарандык жөнүндөгү Мыйзамдын иштелип чыгуусуна түрткү берди. Кыргыз Республикасынын 1993-жылдын 18-декабрында кабыл алынган жарандык жөнүндөгү Мыйзамы жарандыкты маңызын мамлекеттин конституциялык түзүлүшү катары түшүндүрдү.

Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамын чет мамлекеттердин жарандык жөнүндөгү Мыйзамына салыштырма талдоо жүргүзүү менен уникалдуу либаралдыкты пайда кылды. Өзгөчө Кыргыз Республикасынын жарандыгын кабыл алуу шартарына жана андан баштартуу негиздерине далил боло алат.

1993-жылдагы Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамынынын дагы бир негизги өзгөчөлүгү СССРдин тарашынын негизинде иштелип чыккан башка аймактарда жашаган этникалык кыргыздардын жарандыкты жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн атоого болот.

2007-жылдын 21-майында Кыргыз Республикасы жаңы жарандык жөнүндөМыйзамды кабыл алды. Баарынан мурда бул жаңы Мыйзамдын негизги жоболоруна кыскача мүнөздөмө берүү менен мурдагы Мыйзамдан түзүлүшү боюнча өзгөчөлүктөрүн атап кетүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамынын 3-беренесинде негизги жарандык жөнүндө,башка жарандык, кош жарандык, чет элдик жаран, жарандыгы жок жак, бала, аймакта жашоо, жарандыкты кабыл алуу, токтотуу, жана өзгөртүүнүн иретин жана Кыргыз Республикасынын жарандыгын жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте кабыл алуу түшүнүктөрү белгиленген. Дагы бир маселе жарандыкты жалпы жана жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте каралат.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Жарандык жөнүндөгү Мыйзамдын 13-беренесине ылайык Президент тарабынан кабыл алынган чечимдин негизинде жактарга жалпы тартипте жарандыкты кабыл алуу же анын токтотулушун карап чыгуу тарбиби көрсөтүлгөн.

Жаңы жарандык жөнүндөгү Мыйзамдын мазмунунда жарандык институтка мамлекеттин өнүгүү мезгилинде концептуалдык мамилекатары чагылдырылып, мамлекеттин ичинде жана эл аралык укуктарда өнүгүүнүн негиздөөчү принциби катары бекитилген. Мурдагы мыйзамдуулуктан жаңы мыйзамдын өзгөчөлүктөрү жалпы укуктук системада жарандык жөнүндөгү мыйзамдуулуктун жоболорунда дана аныкталган. Мыйзамда көрсөтүлгөндөй Кыргыз Республикасынын жарандык маселелери Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери, азыркы Мыйзам жана башка ченемдик актылар менен жөнгө салынат.

Мыйзамда эң негизги тең жарандуулук жана кабыл алуунун өз алдынчалуулук принциби бекитилген. Дагы бир эл аралык укуктук практикада таанылган Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткары жүргөн жарандарынын жарандуулугунун сакталуу жана корголуу принциби.

Жарандык жөнүндөгү Мыйзамда жарандарды жарандыктан ажыратып салуу жөнүндө түшүнүк белгиленген эмес, бирок жарандуулукту өзгөртүүгө укук берилген.

Мыйзамда түрдүү жоболорду көрсөтүү менен никеге каттоо же ажырашуу учурларында жарандыктын сакталышы, туулган же асыранды баланын жарандыгын сактоо мыйзам тарабынан кепилдендирилет.

Жаңы жарандык жөнүндөгү Мыйзамдын жоболорунда кош жарандык түшүнүгү өтө орчундуу орунду ээлейт. Себеби Кыргыз Республикасынын жараны өзүнүн жарандыгынан баш тартпай эле, башка жарандыкты кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Мыйзамда өзгөчө орунду ээлеген эреже катары балдардын жарандуулугун аныктоо болуп эсептелет. Башка жарандыктан баш тартуу жана Кыргыз Республикасынын жарандыгын кабыл алуу бул адамдын мамлекет менен тыкыз укуктук байланышынын принцибине жооп бергендигинде.

Мамлекеттин кызыкчылыгын жана жалпы кабыл алынган практиканы эске алуу менен жарандыкты кабыл алуу шарттарына Конституция жана мыйзамдарга баш ийүү, мыйзамдуу киреше булактарына ээ болуу, өзүнө таандык жарандыгына баш тартуу боюнча милдеттенмелерди, мамлекеттик жана официалдуу тилди билүү талаптары көрсөтүлгөн.

Мындай талаптар бир гана Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамында эмес Россия Федерация, Беларусь, Грузия, Украина мамлекеттеринин мыйзамдарында бекитилген.


Кээ бир категориядагы жарандар Кыргыз Республикасынын жарандары менен никеде 3 жылдан кем эмес турса жарандыкты кабыл алууга жашоо мөөнөтү кыскартылган.

Бирок, 2007-жылдын 21-майындагы жарандык жөнүндөгү Мыйзамга 2012-жылдын 17-мартындагы N 23өзгөртүүлөр жана толуктоолордун негизинде бул жобо алып салынып, этникалык кыргыздар статусуна ээ болгон жарандардан башка жарандар жалпы тартипте 5 жылдан кем Кыргыз Республикасынын аймагында жашоого милдеттүү деп көрсөтүлгөн. Бүгүнкү күндө жарандуулукту кабыл алган этникалык кыргыздардын саны далее болсо азайа элек. Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы жарандык маселелер боюнча комиссиянын маалыматы боюнча 2013-жылы Кыргыз Республикасынын жарандыгын кабыл алган этникалык

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

кыргыздардын жалпы саны 5113 кишини түзгөн, анын 4521 чоң кишилер, 592 балдар. Ал эми 2014-жылы бул көрсөткүч бир кыйла төмөндөгөн. Маселен, Кыргыз Республикасынын жарандыгын кабыл алган этникалык кыргыздардын жалпы саны 2014-жылы 3684 киштини түзсө, анын 3428 чоң кишилер, 256 балдар болгон. Бул көрсөткүчтү төмөндөгү диаграмма аркылуу тактап кетсек .

Диаграмма 1. 2013-2014-жылдарда Кыргыз Республикасынын жарандыгын кабыл алган этникалык кыргыздар.




Демек бүгүнкү күнү 2007-жылдын 21-майындагы жарандык жөнүндөгү Мыйзамга 2012- жылдын 17-мартындагы N 23 санынакиргизилгенөзгөртүүлөр жана толуктоолор этникалык кыргыздар үчүн Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуу бир кыйла жеңилдетилген тартипте каралган.

Ата-энесинин, асырап алуучулардын жарандуулугу өзгөртүлгөн учурларда балдардын жарандыгын карап чыгуу жана чечим кабыл алуу ирээтин так жөнгө салганжобо көрсөтүлгөн. Эң негизги жоболордун бириде бул чет элдик жарандар тарабынан асырап алган балдардын жарандыгынын сакталып жана анын мыйзам тарабынан корголушу бекитилген.

Жалпысынан алганда жаңы мыйзам долбоорун даярдоодо иштеп чыгуучулардын негизги тапшырмасы жарандык маселелерин укуктук жөнгө салууну так карап чыгуу менен адамдын, коом жана мамлекеттин кызыкчылыктарын эске алуу менен,бирдей укуктук мейкиндикти пайда кылуу, адам менен жарандын укук жана эркиндиктерин дискриминациялабоо, мамлекетте коомдук саясий абалды стабилдештирүү, чет мамлекетте Кыргыз Республикасынын жарандарынын укук жана кызыкчылыктарын коргоо деген жыйынтык жасоого болот.

**Экинчи глава «Жарандык түшүнүгү жана маңызы: тарыхый укуктук талдоо»**деп аталып, үч бөлүктү камтыйт. **Биринчи бөлүктө «Кыргыз Республикасында жарандык түшүнүгү»** ар тараптан ачып көрсөтүлөт.

Укуктук статустун бөлүгү жана мамлекеттик-укуктук көрүнүш катары жарандыкмаселеси С.А.Авакьян, М.В. Баглай, Н.В. Витрук, Б.Н. Гарбичидзе, Л.Д. Воеводин, Ю.А. Дмитриев, В.Я. Кикоть, Е.И.Козлова, С.А. Комаров, С.К. Косаков, О.Е. Кутафин, Е.А. Лукашева, Г.В. Мальцев, О.О. Миронов, Н.А. Михалева, А.В.

Мицкеевич, Б.А. Страшун, Б.Н. Топорнин, Б.С. Эбзеев, В.Е. Чиркин сыяктуу замандаш юрист-окумуштуулар тарабынан изилдөөгө алынган.

Ата мекендик юридика илиминде каралып жаткан маселенин өзүнчө аспектиси, өзгөчө К.А.Уметовдун (Этапы становления и развития государственности кыргызского народа. – Бишкек, 2009); К.С.Исабековдун (Государственно-правовое регулирование внешней миграции в Кыргызской Республике. – Бишкек, 2009); Н.Б. Аленкинанын (Теория развития конституционной модели основных социальных прав человека и гражданина в Кыргызской Республике. – Бишкек, 2009), Э.Э. Молдоевдин (Государственно-правовые основы обеспечение национальной безопасности Кыргызской Республики. – Бишкек, 2011), Ч.А. Мусабекованын (Государственно-правовые вопросы территории и границ Кыргызской Республики. – Бишкек, 1999), Б.И. Бөрүбашовдун (Государственно-правовое регулирование общественных отношений кыргызов в составе Российского государства (историко-правовое исследование). – Бишкек, 2009), К.С. Садиевдин (Государственно-правовое регулирование пребывания иностранных граждан, лиц без граждансва и беженцев в Кыргызской Республике. – Бишкек, 2001) диссертациялык изилдөөлөрүндө козголгон.

Жарандык темасы СССР кулагандан кийин жана мурдагы союздук республикалар эгемендүүлүк алган соң өзгөчө актуалдуулукка ээ болду.

Жаңы шарттарда жарандык маселеси миллиондогон адамдардын тагдырын козгогон эң манилүү маселе болуп калды. Ошондой эле, биздин өлкөдө адам эркиндиги менен укук приоритетинин жарыяланышына байланыштуу жарандыкка болгон кызыгуу өстү.

Ошондуктан учурдагы юридика илими жана практикасы үчүн жарандыктын аныктамасы укуктук категория катары өзгөчө мааниге ээ. Бирок азыркы мезгилге чейин чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулар арсында жарандыктын мазмуну жана анын негизги укуктук натыйжалары боюнча бирдиктүү пикир жок.

Жарандык түшүнүгүнүн көпчүлүк аныктамалары, анын мазмунундагы өзгөрүүлөрдүн үзгүлтүксүз жүрүп турушу мамлекеттин өнүгүшүндөгү конкреттүү тарыхый шарттар менен байланыштуу жана анда болуп жаткан процесстердин таасири астында болушу менен түшүндүрүлөт. Ушундан келип чыккан, укук таануучулар тарабынан жарандык тууралууформага салынган бардык аныктамаларды мамлекеттин тарыхый өнүгүшүн, мамлекеттик саясий системаны, укуктун ар түрдүү тармактарын регламенттөөнүн белгилүү бир этаптарынын негизинде дифференциялоого болот. Ошондуктан баяндоонун мындан аркы ыңгайлуулугу үчүн шарттуу түрдө төмөнкүдөй мезгилдерге бөлүштүрүп алалы: 1) XX кылымдын башына чейин; 2) 1917-жылдан XX к. 90-жылдарынын башына чейин; 3) 1991-жылдан азыркы мезгилге чейин. Жарандык институт түшүнүгүнө тарыхый өнүгүүнүн ар түрдүү мезгилдери өз таасирлерин тийгизет.

XX к. башына чейинки изилдөө иштеринде көрсөтүлгөндөй «жарандык» түшүнүгүнүн пайда болуш тарыхы байыркы мезгилдерге барып такалат. Бул маселе боюнча изилдөө жүргүзгөн окумуштуулардын бири М.А. Бучакова «жарандык» термини айрым окумуштуулар далилдегендей (Н.И. Матузов (3, 72-б.)), буржуазиялык революция мезгилинен бир кыйла мурда пайда болгон деп эсептейт (4, 11-12-б). Байыркы Грецияда жана Римдеги кул ээлөөчүлүк мезгилде бул термин адам эркиндигинин белгилүү бир абалын, адамдын башкалардан өзгөчөлөнгөн статусун түшүндүргөн.

Байыркы ойчулдардан тартып, Аристотель, Эпикур, Ж.Ж. Руссо, Т.Гоббса, Лобанда, Дидро жана башкалардын философиялык-укуктук ойлорун анализдөөнүн натыйжасында, жарандыктын баштапкы маңызындагы өзгөчөлүк ойчулдардын басымдуу көпчүлүгү тарабынан жалпы кабылдангандыгы жөнүндө М.А.Бучакова:

жаран – бул өзүнүн саясий эркиндигин ишке ашырган, өзүнүн материалдык жана руханий керектөөлөрүн толугураак канааттандыруу үчүн башка жарандар менен бирдикте мамлекетте коомдук-саясий уюм уюштура алган көз карандысыз тарап деп жыйынтык чыгарат. Жарандык – бул өз өлкөсүндөгү мекемелерде жана мамлекет менен коомдук иштерди өз эрки менен башкарууга катышууда башка жарандар менен тең укуктуу жак. Байыркы Грециялык ойчулдар Аристотель менен Эпикур «жаран» жана «жарандык» боюнча теориялык түшүнүк берүүгө бир нече жолу аракет кылышкан.

**Экинчи бөлүктө «Кыргыз жарандыгынын негизги принциптери»** каралат**.** Принциптер – илимдин, окуунун жана теориянын негизги абалы. Ал укуктук институттун өзөгүн түзүп, анын сапаттык өзгөчөлүктөрүн аныктоочу зарыл нормалар болуп саналат.

Кыргыз жарандыгынын принциби катары кыргыз жарандыгынын негизинде жаткан жоболор, жалпы эрежелер саналат. Принциптер негиздүү мамлекет тарабынан корголгон, жарандык институтунун негизинде камтылган башталышты, идеяларды жетектөөчү [Зиновьев А.В. Основы конституциянного права. СПб, 1996, 19-б.].

Кыргыз жарандыгынын принциптеринин негизги ролу ошол институттун бардык башка нормалары аны менен шайкеш болушунда турат.

Мамлекет менен жактын ортосундагы байланыштардын мүнөзү жарандык институтунун негизинде камтылган жетектөөчү башталыштардан көз каранды. Жетектөөчү башталыштардан улам индивиддин укугу чектелиши же кененирээк колдонулушу мүмкүн. Демек, жарандыктын негизги принциптерин сактоо же сактабоо мамлекеттин демократиялык деңгээлин, анын адам укугуна болгон мамилесин көрсөтөт.

Жарандык принциптери концепциянын туюндурулушу катары да, тажрыйбалык колдонуунун негизи катары да зарыл. Ал үчүн субъективдик башталыш менен объектилик тараптын биримдиги мүнөздүү, жана алар илимий идеялар менен тажрыйбалардын тенденцияларынын биримдигинин туюнтулушунда көрсөтүлөт.

Жарандык инсандын укуктук статусунун негизги элементи болгондуктан, мамлекет менен жарандыктын өз ара мамилелеринин көрсөткүчү, жактын толук субъективдик укуктуулугунун шарты катары болгондуктан, кыргыз жарандыгынын принциптери инсандын укуктук статусунун негизги принциптеринде топтошот. Инсандын укуктук статусунун принциптери укуктук статустун бардык институттарына карай багыт алып, алардын негизинде жатат.

Кыргыз жарандыгынын принциптеринин зарылдыгы, алар Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндөгү" мыйзамында бекитилгендиги менен аныкталат.

Жарандык принциптери башка принциптер сыяктуу эле бир жагынан, бул кубулуштун биримдиги менен бүтүндүгүн аныктаган системаны, экинчи жагынан аны түзүүчү бөлүктөрдүн ички структуралык дифференциациясын жаратат [Воеводин Л.Д. Конституционное право и обязанности советских граждан. -М., 1979, 28-29, 30-33].

Принциптер үчүн тыгыз байланыш жана тыгыз аралашуу зарыл. Кыргыз жарандыгынын принциптеринин ортосундагы байланыш төмөнкү позицияларда көрүнөт. Биринчиден, принцип тажрыйбасында жарандык маселелерин жак тарабынан өз алдынча чечүүнү ишке ашыруу башка мамлекеттин жарандыгына ээ болуу (кош жарандык) мүмкүнчүлүгүнүн негизи болуп саналат. Бирок, жактын статусу тууралуу маселени чечүүдө мамлекеттин да кайсы бир ролун эске албай коюуга болбойт. Экинчиден, мамлекет тарабынан принциптердин бирин бузуу, аларды кемитүү башка принциптерге карай зыян тарттырбайт. Мисалы, никеге туруудa же аны бузуу учурунда кыргыз жарандыгын сактоо принцибин бузуу жарандыктын токтолушун же жактын

эркинен сырт өзгөртүүнү туюнтат, ошону менен жак тарабынан жарандык маселесин эркин чечүү принциби бузулат.

Жарандык институтунун маңызы менен маанилүү мүнөзүн, т.а. принциптерин аныктаган жалпы негиздерди кароого өтөлү. Жарандык сыяктуу татаал феномендин табияты анын принциптерин ачууда байкалат. Ал принциптер жарандыкты саясий укуктук көрүнүш катары чыңдап, жарандыктын бардык тараптары менен чектеринин биримдигин түзүп, маңызын мүнөздөйт [Шевцов,В.С.Принципы советского гражданства //Советское государство и право. - 1980, - №5. -12306] Жарандык принциптери, алардын мазмунунун мүнөзү көптөгөн авторлор тарабынан каралып чыккан [Шевцов,В.С. Гражданство в советсвомсоюзном государтстве. -М., 1965, 45-79-66; Русинова, СИ. Закон о гражданстве СССР. - М, 1980. 5-8-66.; Косаков, С.К.Конституционные основы советского гражданства. -Фрунзе, 1984. - 19-34-66].

"Жарандык принциби" термини Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү мыйзамында колдонулбайт, андыктан, аны санап өтүү да камтылган эмес. Бирок алардын айрымдары мыйзамдын беренелеринде так көрсөтүлгөн. Айрым принциптер мыйзамдын нормаларында так камтылган эмес. Бирок, анын мазмунунда бир аз байкалат - алар мыйзамдын зарыл жоболорунан келип чыгат, жарандыктын табиятынын өзүнөн аныкталат.

Демек, принциптердин катарына кыргыз жарандыгынын институтунун төмөнкү негизги жоболорун киргизүүгө болот:

Кыргыз Республикасында ар бир жактын жарандыгын таануу принциби. Жарандыкка ээ болуу алардын ичинен эң негизгиси жана эң маанилүүсү болуп саналат.

Жеке жак тарабынан жарандык маселесин өз алдынча чечүү. Бул жарандыкты тандоонун эркиндигин жана өз ыктыярдуулугун туюндурат.

Кыргыз Республикасынын жарандыгынан ажыратууга жол бербестик принциби;

Жарандыкты кабыл алуу негизине карабай теңдиги;

Кыргыз Республикасынын жарандыгын Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары жашаган жактар тарабынан сакталышы;

Кыргыз жарандыгын түрдүү учурларда сактоосу: чет элдик жарандыкта турган жак менен никеге турууда жана никесинбузууда, Кыргыз Республикасынын жараны - баланы багып алууда;

Кыргыз Республикасынын жарандарын мамлекет тарабынан коргоо жана колдоого алуу;

Кыргыз Республикасынын жарандарын мамлекеттен чыгарып жиберүүгө жана башка мамлекетке өткөрүп берүүгө мүмкүн эместиги;

Улуттук мыйзамдагы жарандык маселелер боюнча эл аралык укуктардын жана эл аралык келишимдердин нормаларынын үстөмдүгү;

Башка мамлекеттин жарандыгына да ээ болуу мүмкүнчүлүгү (кош жарандык).

КМШ мамлекеттеринин 1992-жылдын 29-декабрында кабыл алынган Парламенттер аралык Ассамблеясынын "Жарандыкты жөнгө салуунун макулдашылган принциптери тууралуу" актысында төмөнкү принциптердин нормативдик маанилери таанылган:

Ар бир адамдын жарандык алуу жанааны өзгөртүү укугун;

Жарандардын теңдиги;

Социалдык тегине, мүлктүк абалына, жынысына, билимине, тилине, динине болгон мамилесине, саясий жана башка ишенимдерине, кызматынын түрүнө жана мүнөзүнө карай жарандыктан ажыратууга мүмкүн бербестик[Межпарламентская Ассамблея государств -участников СНГ. Информационный бюллетень. 1993, 32, 2021-66.].

Жарандыгы жок тараптардын жарандыкты алуусу колдоого алынат.

Адамдын негизги укуктарынын системасында жарандыкка болгон укук өзгөчө орунда турушу керек.

**Үчүнчү бөлүктө «Кыргыз Республикасында жарандыктын келип чыгышы, токтотулушу жана жарандыкты жоготуунуукуктук жөнгө салуу» каралып чыгат.**Жогоруда көрсөтүлгөндөй, жарандыктын укук категориясы жактын суъбективдик укугу, укуктук мамиле жана укуктук институт катары каралат. Демек, жарандыкка ээ болгон жак, өз каалоосу менен жарандыгын өзгөртө алат, анын негизинде мурдагы жарандыктан чыгып, башка мамлекеттин жарандыгына ээ болот.

Автор изилдөөдө жарандыкты "токтотуу" жана "жоготуу" терминдеринин айырмачылыктары тууралуу бир аз түшүнүк берген. Анда жарандыкты токтотуу – жаран менен мамлекеттин ортосундагы байланыштын үзүлүшү, аны менен бирге, мындай укуктук байланыш каалаган тараптын эрки боюнча токтотулушу мүмкүн болгондуктан, "токтотуу" термини жактын өзүнүн (жарандыктан чыгуу) да, мамлекеттин да демилгеси менен мамилелердин бүтүшүн камтыйт. Бир нерсени жоготууну туюндурган "жоготуу" термини жарандыкты укук катары мүнөздөө үчүн жакыныраак термин болуп саналат. Жактын өзү тарабынан жоготуу мүмкүн эмес болгондуктан, жарандыкты жоготуу шартында кеп мамлекеттин гана ишмердиги тууралуу жүрүшү мүмкүн.

Жарандыктан ажыратуу тууралуу норманын (мамлекеттин бир тараптуу акциясынын) Мыйзамда болушу мамлекеттин укуктук системасы тарабынан жарандыкты адамдын субъективдүү укугу катары таануу же таанныбастыгынан көз каранды болот.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында СССРдин мыйзамында жарандыкты токтотуунун эки формасы көрсөтүлгөн: ССРдин жарандыгынан чыгуу жана жарандыктан ажыратуу.

СССРдин жарандыгынан чыгуу кызыктар жактын өздүк сунуштамасы аркылуу гана чечилчү. Жарандыктан чыгуу менен байланышкан мамиленин башка милдеттүү элементи катары ага мамлекеттен макулдук алуу саналган.

Союздук жарандык жөнүндөгү 1924-жылдагы Жобо советтик жарандыктан чыгууну регламенттештирүүчү жалпы эрежени (13-берене) аныктаган. Ал союздук республиканын БАКынын (ЦИК) же СССРдин БАКынын макулдугу менен гана ишке ашырылган.

Ал эми 1931-жылдагы Жобо советтик жарандыктан чыгуунун төмөнкү негизги учурларын айырмалаган:

1. СССРдин чегинде жашап турган жаран советтик жарандыктан СССРдин БАКынын Президиумунун же союздук респуликанын БАКынын Президиумунун токтому боюнча гана чыга алган.

2. Чет мамлекетте жашап турган советтик жарандын жарандыктан чыгуусу ССР Союзунун БАКынын Президиумунун Токтомуна ылайык гана чыга алган.

СССРдин жарандык жөнүндөгү 1938-жылкы Мыйзамы сунуштоочунун жашаган жерине карата жарандыктан чыгуу учурларын караган эмес, СССРдин жарандык жөнүндөгү 1978-жылкы Мыйзамында да камтылган эмес, анын негизинде СССРдин жарандыгынан чыгууга СССРдин Жогорку Кеңешинин Президиуму тарабынан уруксат берилген. СССРдин жарандык жөнүндөгү 1978-жылкы Мыйзамы жарандыктан чыгууга уруксат берилбеген же такыр мүмкүн болбогон учурлар тууралуу зарыл новеллаларды камтыган. Ушул эле норма СССРдин жарандык жөнүндөгү 1990-жылкы Мыйзамында да камтылган.

СССРдин жарандык жөнүндөгү 1990-жылкы Мыйзамынын 21-беренесинин 2-бөлүгүндө: "жарандыктан чыгууну сунуштаган жак мамлекет алдындагы же жарандардын же мамлекеттик жана коомдук уюмдардын кызыкчылыгы менен

байланышкан мүлктүк милдеттенмелерди аткарбаса СССРдин жарандыгынан чыгуу сунушу четке кагылышы мүмкүн" деп белгиленген.

Ал мыйзамда жарандыктан чыгуу жөнүндөгү сунуштама четке кагылуу менен байланышкан кырдаалдар каралган (21-берене, 3-бөлүм). Жарандыктан чыгуу тууралуу сунуштама берген жак күнөөлүү катары кылмыш жаза жоопкерчилигине тартылса, же ага карата соттун мыйзамдуу күчүнө кирген жана аны аткарууга милдеттүү болгон чечими болсо, же жактын жарандыктан чыгуусу мамлекеттик коопсуздукка карама-каршы келсе, СССРдин жарандыгынан чыгууга уруксат берилген эмес.

СССРдин жарандык жөнүндөгү 1990-жылкы Мыйзамында жарандыктан чыгуу маселелери СССРдин Президенти, ошондой эле союздук республикалардын Жогорку Кеңештеринин Президиумдары же союздук республикалардын жогорку мамлекеттик кызматтагы жактар тарабынан СССРдин Президентинин ыйгарым укугунун чегинен сырткары чечилген. Бул союздук республикалардын ыйгарым укуктарынын кеңейгендигин тастыктайт, себеби мурда жарандыктан чыгуу маселелери союздук деңгээлде гана чечилчү.

**«Кыргыз Республикасында жарандык жөнүндөмыйзамдуулукту жакшыртуунун жолдору »**деген аталыштагы **үчүнчү глава**эки бөлүктөн турат.

**Биринчи бөлүктө«Жарандык жөнүндө иш алып барган мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүн жакшыртуу »** жолдорун карайт.

Диссертациялык иштин мурдагы бөлүмдөрүндө жарандык институттун түшүнүгү социалдык бирдейлүүлүк жана укуктук саясий ойду камтыйт деп түшүндүрүлөт.

Жарандык укуктук мамилени түздөн - түз каттоодон өткөрүү менен административдик укуктук чөйрөдө ишке ашырылат. Андыктан мамлекет менен инсандын жарандык укук жана кызыкчылыктарын уюштуруучулук көрүнүшүнө дал келүүсүнүн негизинде иш алып барылат. Ошондуктан Мыйзамда аныкталган жарандык боюнча маселелерди жөнгө салуу механизмдери менен байланышта.

Жарандык маселери боюнча иш жүргүзгөн органдардын ыйгарым укуктук түзүлүшү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 64-беренесинин 7-бөлүмүндөөзүнүн ордун табуу менен жарандык маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктарын, Жарандык жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-май 2007-жылы, Кыргыз Республикасынын жарандык маселерин карап чыгуу жоболорунун 25-октябрь 2007-жылы №473 Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын ишке ашыруусу бийлик органдарынын нормативдүү укуктук актыларында аныкталган. Кыргыз Республикасынын жарандык боюнча Мыйзамында белгиленгендей Жарандык жөнүндөмыйзамдуулуктун маселерин Кыргыз Республикасынын Президент, ички иштер министрлиги, тышкы иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын чет элдик дипломатиялык өкүлчүлүктөрү жана консулдук мекемелери.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамынын 27-беренесине ылайык Ички иштер органдары, жарандык маселелери боюнча иш жүргүзүүчү орган катары белгиленген эмес. Бирок, 27- беренеге ылайык Мамлекеттик каттоо кызматынын ыйгарым укуктары жарандык маселери боюнча иш жүргүзүүчү орган катары көрсөтүлгөн эмес. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Кыргыз Республикасынын Президенти көрсөтүлгөн органдар системасында негизги ыйгарым укуктарга ээ. Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамында Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктарын ачык айкын көрсөтүү менен;

1) чет элдик жарандар жана жарандыгы жок жактардын Кыргыз Республикасынын жарандыгын кабыл алуусун;

2) Кыргыз Республикасынын жарандыгын калыбына келтирүүсүн;

3) Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуу жана аны жокко чыгаруу маселерин ишке ашырат.

Бирок, Жарандык жөнүндөгү Мыйзамдын ченемине сөзмө-сөз түшүндүрмө бергенде жарандыкты калыбына келтирүү жана жокко чыгаруу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары 2010-жылкы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына карама- каршы келет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктарын колдонуунун негизинде бир катар суроолор кайрадан пайда болду; атайын субьект катары Кыргыз Республикасынын Президенти болбосо; жарандык маселерин бирдиктүү жана аны чечүү; Жарандык маселери боюнча Комиссиянын статусу жөнүндө тезинен чечим кабыл алуу талап кылынат.

Тескерисинче, бул чөйрөдө Президент кабыл алган чечимдер конституциялык суроо бойдон калышы мүмкүн.

Биздин көз карашыбызда бул маселени Парламенттин деңгээлинде чечүү зарыл, бирок Жогорку Кеңештин Конституцияда бул маселени чечүүгө ыйгарым укуктары жок. Өкмөт менен бул маселени биргеликте чечүү Мыйзамды бузгандыкка жатат, анткени анда ыйгарым укуктар каралган эмес. Мындай татаал абалдан чыгуунун 2 жолу бар:

Биринчиси, Жогорку Соттун алдындагы Конституциялык палата аркылуу;

Экинчиси, Конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү;

Эгерде быйылкы күздө Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү маселеси кабыл алына турган болсо,анда бул маселени референдум жолу менен чечүүгө. Эгерде Конституциялык реформаны жүргүзүү маселеси көтөрүлбөсө, бул маселени чечүүнүн жалгыз жолу Жогорку Сот алдындагы Конституциялык палатага, Жарандык жөнүндүгү Мыйзамдын 28-беренсинин 1-бөлүгүндөгү жарандыкты калыбына келтирүү жана жокко чыгаруу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктарына кайрылуу аркылуу ишке ашырылат. 2007-жылкы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын редакциясы боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти саясий баш калкалоо берүүсү көрсөтүлгөн. 2010- жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясында бул жобо көрсөтүлгөн эмес. Бул жобо Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы чет элдик жарандардын укуктук абалы» жөнүндөгү Мыйзамда камтылган, дагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын мыйзамдарын жана мыйзам алдындагы актыларын кабыл алуу принциптерине карама-каршы келет. Муну менен жогорудагы Мыйзам ченемине азыркы Конституциянын жоболорун дал келтирүү зарыл. Жогорку Кеңеш дагы баш калканч берүү укугуна ээ эмес. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктарын кеңейтүүгө мүмкүндүк туудурат.

Кыргыз Республикасынын Президенти жарандык маселеси боюнча Жарлыктарды чыгарат жана Кыргыз Республикасында жарандык боюнча иш жүргүзгөн ыйгарым органдар менен биргеликте иш алып баруу макулдаштыгын камсыз кылат.

2007-жылдын 25-октябрында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Жарлыгынын негизинде түзүлгөн Кыргыз Республикасынын алдындагы жарандык боюнча Комиссияга бул тапшырмалар жүктөлгөн. Комиссия мамлекет башчысынын жарандык маселерин чечүү боюнча Конституциялык ыйгарым укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуучу консультативдик кеңешме органы болуп эсептелет

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

*Комиссиянын негизги тапшырмалары төмөнкүдөй*:

-Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгилендей Кыргыз республикасынын Президентинин жарандык маселерди чечүүчү ыйгарым укуктарын ишке ашыруу ишмердүүлүгүн маалымат жана аналитикалык каражаттары тарабынан камсыздоо;

-Кыргыз Республикасынын Президентине кыргыз жарандыгынын институтунун өнүгүүсү жана жарандык чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдоо;

-Кыргыз Республикасынын жарандык боюнча мыйзамдуулугун өркүндөтүү, ошондой эле бул чөйрөдө пайда болгон маселелерди чечүү боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Президентине даярдоо.

**Экинчү бөлүктө«Жарандык мамилелерди жөнгө салууда эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардан орду жана мааниси»** ачып көрсөтүлөт.

Чындыгында, коом өнүгүүнүн заманбап этабында туруп, ааламдашуунун өзгөрүүлөрүндө келип чыккан көйгөйлөрдү цивилдүү жол менен чечүүсү зарыл, ал эми адам баласы саясый кырдаалдын барымтасында калбашы керек.

Мамлекеттер аралык карама-каршылыктарды ар бир тараптын мыйзамын сыйлоо жана ага ойлонуп мамиле кылуу, саясый, социалдык жана өздүк укуктарды ишке ашырууда эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү аркылуу гана чечүү зарыл.

Жарансыздыкты жоюу боюнча эл аралык-укуктук иш-чаралар эл аралык келишимдерде, конвенцияларда камтылган.

Эл аралык укукта эчак эле жарансыз жактардын укуктук абалын жолго коюу аракети көрүлгөнүн белгилеп кетүү керек.

1890-жылдары эле бул маселелер боюнча Германия менен Швейцария, 1894-жылы Россия менен Германиянын ортосунда келишим түзүлгөн. 1928 жана 1930-жылдары Улуттар Лигасы тарабынан да аракеттер көрүлгөн. 1930-жылы жарандык жөнүндөгү коллизияларга тиешелүү болгон айрым маселелер боюнча Конвенция кабыл алынган, анда жарансыздыкты чектөө үчүн бир нече иш-чаралар камтылган.

Конвенциянын ченемдерине ылайык, жак жаңы жарандыкты алганча мурдагы жарандыгын жоготпой турган, ал эми жарансыз адамдарын балдары “тамыр укугуна” ылайык туулган жери боюнча жарандыкты алышкан, баланы багып алууда багып алуучулардын жарандыгын кабыл алганда гана бала мурдагы жарандыгынан ажыратылган.

Бул конвенциянын жоболорунун көпчүлүгү түрдүү мамлекеттердин ички укуктарынын нормалары тарабынан жалпы таанылган.

1961-жылы “Жарансыздыкты кыскартуу жөнүндө” эл аралык конференциясы жарансыздык маселесине атайын арналып өткөрүлгөн. Бул конференциянын максаты жарандыгы жок адамдын бакубат жашоосу жана жарансыздыкты кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн алдын алуу болуп саналган.

Конвенцияда: “келишим түзгөн бардык мамлекет анын аймагында төрөлгөн ар бир балага өз жарандыгын бериши керек, антпесе апатрид, тактап айтканда жарансыз жак келип чыгат” [Вилков, В.Г. Законодательство СССР и международные соглашения по вопросам гражданства. - М., 1964, 157-б.] деп көрсөтүлгөн. Аял киши никеге отургандыгынын натыйжасында жарансыздыгынын келип чыгуу учурларын кыскартууга багытталган жоболор түрдүү улуттагы адамдарды согуштан кийинки аймактык өзгөрүүлөргө байланыштуу репортациялоо жана көчүрүү жөнүндөгү советтик согуштан кийинки келишимдерде камтылган.

КМШнын катышуучу-мамлекеттеринин Парламенттер аралык Ассамблеясы тарабынан 1992-жылдын 29-декабрында “Жарандыкты жөнгө салуунун макулдашылган принциптери жөнүндө” сунушталма актысы иштелип чыккан. Бул

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

документ адам укугун КМШ өлкөлөрүндө коргоого жана жарансыздык учурларын кыскартууга багытталган. Анда – ар бир адамдын жарандыкка жана аны өзгөртүүгө болгон укугу, жарандыктын теңдиги, жактын социалдык тегинин белгисине, мүлктүк абалына, рассалык жана улуттук таандыктыгына, жынысына, билимине, тилине, динге болгон мамилесине, саясий жана башка ишенимине, кызматынын түрүнө жана мүнөзүнө карай жарандыктан ажыратууга мүмкүн эмес  деген сыяктуу зарыл принциптер баса белгиленген. Жарандыгы жок адамдардын жарандыкты алуусу колдоого алынган [Межпарламентская Ассамблея государств –участников СНГ // Информационный бюллетень. – 1993. - №2. –С.20-21].

Түрдүү мамлекеттердин жарандык жөнүндөгү мыйзамдарынын коллизиясы эл аралык мамилелерде кыйынчылыктарды жаратып жаткандыктан, кош жарандык жана жарансыздык көйгөйлөрүнүн мазмунун талдоого алуу БУУнун алкагында кенен таанууга алынган прогрессивдүү нормаларды универсалдуу кодификациялоо зарылдыгы бар экендигин көрсөттү.

Кош жарандык жана жарансыздык көйгөйлөрүн чечүүгө кызыкдар мамлекеттер жалпы максатка жетүү үчүн биргелешкен иш-чараларды аткарат деп ишенгибиз келет.

## КОРУТУНДУ

Автордиссертациянын маңызынан келип чыккан негизги жоболорго таяныптөмөндөгүдөй тыянактарга келди:

1. Кыргызстандагы жарандык институттун өнүгүү тарыхын авторлук доорлорго бөлүштүрүү менен төмөндөгүдөй авторлук мезгилди аныктаган:

**1. Советтик мезгил;**

**2. Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгили.**

2. Укук илимдериндеги чындыкка негизделип, жарандыктын аныктамасы - бул мамлекет менен жалпы, үзгүлтүксүз жана туруктуу байланыш түзүүнүн натыйжасында мыйзамда көрсөтүлгөн бардык укуктардан жана эркиндиктерден  пайдаланууга мүмкүнчүлүк ала алган, ошондой эле атайын жоопкерчиликке да ээ болгон адамдын укуктук байланышы сыңары берилет.

3. Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуу жана токтотуу жөнүндөгү өтүнүчтү болжолдуу кароо, өлкөнүн аймагынан саясий баш калканч берүү жөнүндө, Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамынын иштөө механизмдерин жакшыртуу боюнча сунушту даярдоо, жарандык маселелер боюнча маалымат системаларын жакшыртуу, Кыргыз Республикасынын Президентине жылдык докладдарды, жыйынтык каттарды жана башка маалыматтарды жеткирүү иш милдеттери тапшырылган Кыргыз Республикасынын Президенттик Аппаратынын түзүмүндө жарандык суроолор боюнча ошол тармакта бирдей мамлекеттик саясатты камсыз кылган бөлүм түзүү сунушталат.

4. «Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын учурдагы 2007-жылкы Мыйзамынын жоболорун Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен дал келтирүү зарыл. Ушул максатта Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамына төмөнкүдөй жоболорду киргизүү сунушталат:

- эне менен баланын укуктарын коргоо максатында төмөнкү жобону бекитүү: «Келишим түзүлгөн мамлекеттердин аймагында никелешүүдөн төрөлгөн бала, энеси бул мамлекеттин жараны болсо, төрөлгөндөн кийин ушул жарандыкты ала алат, эгерде ал мурда башка жарандыкка ээ болбосо»;

- «Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү» Мыйзамынын 10-беренесин төмөнкүдөй таризде баяндоого болот: «Кыргыз Республикасынын жараны республиканын аймагынан кууп чыгарылбайт же башка өлкөгө берилбейт»;

- Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү Мыйзамына-Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккан учурда башка керектүү документтер менен бирге чет өлкөнүн ыйгарым укуктуу органдарына башка жарандыкка өтүүдө арызданууучунун же башка жарандыкты берүү мүмкүнчүлүгүн ырастоо жөнүндөгү документти көрсөтүү тууралуу жобону киргизүү.

5.«Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү» Мыйзамында Кыргыз Республикасынын жарандык иштерин тейлеген ыйгарым укуктуу уюмдардын жана кызмат адамдарынын иш милдеттерин карап чыгуу, документтерди каттоо жана жарандык маселелер тууралуу чечимдерди кабыл алууда укуктарын чектөө максатында жарандык маселелерди чечүүнүн анык процедураларын бекитүү сунушталат. «Кыргыз Республикасынын жарандык жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын айрым беренелеринин ортосундагы карама-каршылыктар аларды Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана адам укуктары боюнча кабыл алынган иш кагаздар менен дал келтирүүнү талап кылат.

6. Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнө каршы кылмыштуу иш-аракеттерди жасаган жана мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч келтирип башка мамлекетте качып жүргөн жарандардын жарандыктарынан ажыратуу же токтотуу тууралуу ченемдер сунушталат;

7. Кыргыз Республикасынын ИИМинин МБ жана МККнын МБнун даректүү – сурап-билүү бюросунун маалымат базаларын камтыган Кыргыз Республикасынын аймагындагы жарандык иштер боюнча ИИМ, ТИМ жана КРнын МККда бирдей маалымат базалык комиссия түзүү сунушталат.

8. Кыргызстандагы жарандык маселелерди жакшыртуу жана андан-ары өнүктүрүү, негизги максаты жарансыздыкты кыскартуу, кош жарандуулук боюнча мамлекеттик саясатты аныктоо жана этникалык кыргыздардын көйгөйлөрүн чечүү боюнча Концепция иштелип чыгуусун сунушталат

**Диссертациянын негизги мазмунун чагылдырган макалалардын тизмеси:**


1. Соттимкулов, М.А. Особенность правового института гражданства в суверенном государстве [Текст] / М.А. Соттимкулов // Наука и новые технологии.- 2010. - №9. – С.156-160.
2. Соттимкулов, М.А. Понятие гражданства по законодательству Кыргызской Республики [Текст] / М.А. Соттимкулов // Наука и новые технологии. - 2011. - №8. – С.68-71.
3. Соттимкулов, М.А. Приобретение гражданства по законодательству Кыргызской Республики [Текст] / М.А. Соттимкулов // Научный журнал “Высшая школа Казахстана”. – Алматы, 2012. – Вып. 3 (1). - С. 126-129.
4. Соттимкулов, М.А. История становления и происхождения гражданства [Текст] / М.А. Соттимкулов // Наука и новые технологии. – 2013. - №1. - С. 180-184.
5. Соттимкулов, М.А.Принципы гражданства Кыргызской Республики [Текст] / М.А. Соттимкулов // Наука и новые технологии. – 2013. - №1. – С.194-199
6. Соттимкулов, М.А. СССР мезгилинде Кыргыз Республикасынын аймагында жарандыкты токтотуу жана жоготуу: тарыхый укуктук талдоо [Текст] / М.А. Соттимкулов // Гуманитарные проблемы современности. - 2013. – Вып. 17. - 78-83-б.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

7. Соттимкулов, М.А. Кыргыз Республикасынын конституциялык укугундагы кош жарандык: көйгөйлөр жана талдоолор[Текст] / М.А. Соттимкулов // Гуманитарные проблемы современности. - 2013. – Вып. 17. –84-89-б

**Соттимкулов Муротали Акилбековичтин "Кыргыз Республикасында жарандыкты укуктук жөнгө салуу: тарыхый –укуктук талдоо" деген темада юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн 12.00.01-мамлекет жана укуктун теориясы жана тарыхы; мамлекет жана укук жөнүндө окуунун тарыхы** адистиги **боюнча жазылган диссертациялык изилдөө ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** жарандык,жарандык укуктук мамилелер, жарандыкты алуу, декларация, никелешүү, чет өлкөнүн ыйгарым укуктуу органдары, жарандык иштерди башкаруу уюмдар, координациялоо.

Изилдөөнүн**объектиси** болуп жарандык институтун камсыздоо менен шартталган укуктук мамилелердин катышы саналат.

Изилдөөнүн**предметин** Кыргыз Рыспубликасынын жарандык институту, анын тарыхый укуктук негиздери, түшүнүктөрү, принциптери жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө»мыйзамын ишке ашыруу көйгөйлөрү түзөт.

Диссертациянын **максаты** Кыргыз Республикасынын жарандуулуктун пайда болуусунун жана өнүгүүсүнүн тарыхый укуктук этаптарын комплекстүү изилдөө жолдору менен, Кыргыз Республикасында жарандык институттун юридикалык

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

табиятын изилдөөжана аны укуктук жөнгө салуу маселесин талдоо, өздөштүрүү менен андан ары өнүктүрүү боюнча конкреттүү сунуштарды ушул негизде иштеп чыгуу.

**Илимий изилдөө ыкмалары** болуп, илимий таануу ыкмалардын жыйындысы: диалектикалык талдоо, синтез, аналогия, индукция, дедукция жана илимий таануунун атайын ыкмалары: моделдөө, тутумдук, салыштырмалуу-укуктук, тарыхый ыкмалар түзөт.

**Диссертациялык изилдөөнүн алынган натыйжалары жана жаңылыгы,** жарандыктын теориялык негиздерин иштеп чыгууда белгилүү салым кошот жана мыйзамдуулуктун колдонулушунда кеңири мааниге ээ боло алат. Бул диссертациялык иште жарандык институттун өнүгүшүнүн учурдагы дүйнөлүк тенденциялары изилденет, Кыргызстандагы жарандык институттун пайда болушу жана өнүгүшү, ошондой эле жарандык тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын учурдагы абалы анализделген, талданган.

**Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын колдонуу деңгээли:** диссертациялык иштин мазмунунда камтылган сунуштар, ырастамалар, ой корутундуларды практикалык жактан кеңири колдонууга болот: маселен, жарандык тууралуу мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүдө.

**Колдонуу тармагы:** мамлекеттин жана укуктун теориясы, конституциялык укук, эл аралык укук, адам укуктарынын курсу, адам укуктарын коргоо боюнча мамлекеттик органдардын жана коомдук укук коргоо уюмдарынын тажрыйбалык ишмердүүлүгү.

## РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Соттимкулова Муротали Акылбековича на тему «Правовое регулирование гражданствав Кыргызской Республике: историко-правовой анализ», представленной на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.01 – теория и история государства и права; история учения о праве и государстве**

**Ключевые слова:** гражданский, гражданско-правовые отношения, получения гражданства, декларация, бракосочетание, уполномоченные зарубежные органы, организации управления гражданскими делами, координация.

**Объектом** исследования являются обусловленные обеспечением гражданского института соотношение правовых отношений.

**Предмет** исследования составляют гражданский институт Кыргызской Республики, его историко-правовые основы, понятия, принципы, а также проблемы реализации Закона Кыргызской Республики «О Гражданстве Кыргызской Республики».

**Цели** исследования: иследование юридической природы гражданского института Кыргызской Республики путем комплексного исследования этапов возникновения гражданства Кыргызской Республики и историко-правовых этапов его развития и анализ вопросов его правового регулирования, на его основании разработка конкретных рекомендаций по его усвоению и дальнейшему развитию.

**Методами научного исследования** являются сбор способов научного познания: диалектический анализ, синтез, аналогия, индукция, дедукция и специальные методы научного познания: моделирование, структурирование, сравнительно-правовые, исторические методы.

**Полученные результаты диссертационного исследования и новизна,** вносят определенный вклад при разработке теоретической основы гражданства и имеют обширные значения в применении законности. В данной диссертационной работе исследуются современные мировые тенденции развития гражданского института, анализированы и определены практика урегулирования в странах СНГ, возникновение института гражданство Кыргызской Республики и его развитие, а также современное состояние Закона Кыргызской Республики о гражданстве.

**Степень применения материалов диссертационного исследования:** предложенные в содержании диссертационной работы рекомендации, утверждения, выводы можно широко применять на практике: например, при внесении изменений в Закон о гражданстве.

**Область применения**: теория государства и права, конституционное право, международное право, курс по правам человека, опытная деятельность государственных органов по защите прав человека и общественных органов по защите прав.


## RESUME

### For the thesis work by Murotali Akylbekovich Sottimkulov

### On the theme: "Civil and Legal Regulation in the Kyrgyz Republic: Historical and Legal Analysis", for a degree of a Candidate of Legal Sciences, in speciality 12.00.01 – Theory and History of State and Law; History of State and Law Study

**Key words:**civil; civil and legal relations, citizenship receipt, declaration, marriage, authorized foreign bodies, management organizations for civil cases, coordination.

**The object** of the researchis correlation of legal relationships due provision of civil institute.

**The subject** of the research includes civil institute of the Kyrgyz Republic, its historical and legal basis, ideas, principles, as well as problems for implementation of the Kyrgyz Republic Law on Citizenship of the Kyrgyz Republic.

**Purpose of the research:** analysis of the legal nature of the Kyrgyz Republic civil institute by means of complex research of stages for origin of the Kyrgyz Republic citizenship and historical and legal stages of its development and analysis of matters of its legal regulation, and on the basis of it the development of specific recommendations for its adoption and further development.

**Methods of the scientific research** include the collection of methods of scientific knowledge: dialectical analysis, synthesis,correspondence, induction, deduction and special

methods of scientific knowledge: modeling, structuring, comparative and legal historical methods.

**The obtained results of dissertation research and novelty** make the specific contribution under the development of theoretical basis of citizenship and have broad significance in the application of legal order. This thesis explores the modern global trends of civil institution development, analyzed and identified the practice of settlement in the CIS countries, the origin of a civil institution of the Kyrgyz Republic and its development, as well as current state of the Kyrgyz Republic law on citizenship.

**The degree of application of dissertation thesis materials** is recommendations proposed in the content of the thesis work, statements, conclusions that can be widely used in practice: for example, under introduction of changes in the law on citizenship, theoretical issued.

**Sphere of application**: theory of state and law, constitutional law, international law, human rights course, experimental activity of the state authorities for protection of human rights and public bodies for rights protection.

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

Компьютердик калыпка салган: Таалайбекова Э.
Форматы 60х84 1/16.Офсет кагазы.
Көлөмү 1,5 басма табак. Нускасы 100 даана.

КУУнун «Университет» басмаканасында басылды
Бишкек ш., Манас просп. 101,
тел.: (+996 312) 32 31 91; 32 31 75

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com